| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ** |

---

**Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XI сессиясынын № 5 токтому**
**22-февраль 2023-жыл**

**Сугат суунун тарифтерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, "Карды-Жарык" СПАнын жетекчиси Э.Жээнбековдун сугат суу боюнча маалыматын жана бюджети боюнча сунушун угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Төрт-Күл, Туура-Суу айылдарынын сугат суусунун тарифтери төмөндөгүдөй тариф менен, бекитилсин.

1. 1га үлүш жердин 1 сугатына 200 сом, 3 сугатка 600 сом.
2. Огороддун 1 сугатына 60 сом, 3 сугатка 180 сом.
3. "Карды-Жарык" СПАсынын кредиттери боюнча төлөмдөр өз убагында төлөнсүн.

2.Бул токтомдун аткарылышы рев. комиссияга жана "Карды-Жарык" СПАсынын жетекчиси Э.Жээнбековго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам

**Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин төрагасы** **М.Жунушалиев**

**Катчысы** **Г.Садырова**